Профориентациялык иш-чаранын алкагында 15-апрелде Заманбап эл аралык университеттин колледжине (КСМУ) Сузак районунун жана Жалал-Абад шаарынын мектептеринен 9-11 класстардын окуучулар келип конок болушту.

Ачык эшик күнү студент-активисттердин концерттик программасы менен ачылды. Университет жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тууралуу кеңири тааныштыруу иштерин да студент-активисттер жүргүзүштү. Иш-чаранын программасы болочок абитуриенттер менен тыгыз байланыш түзүп, окууга тапшыруу жана окуу маалындагы мүмкүнчүлүктөр боюнча актуалдуу суроолорго жооп берүү максатын көздөдү.

**Ачык эшик күнүнүн жыйынтыгында окуучу кыздар:**

- Жалал-Абадтагы эң кадыр-барктуу  ЖОЖдордун бири болгон университеттин колледжине тапшыруу тартиби жана шарттары менен таанышышты;
- Колледждин бардык адистиктер жана даярдоо багыттары боюнча толук маалымат алышты;
- яКолледждин тарыхы, өнүгүү келечеги, бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу жана студенттерге сунушталган мүмкүнчүлүктөр менен таанышышты.

Иш-чаранын соңунда окуу жайда экскурсия уюштурулду.








